**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма биринчи сессиясы**

**16.02. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №62** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын Чекелик айылындагы Ч.Бекиев көчөсүнүн аталышын өзгөртүү жөнүндө**

Чекелик айылынын тургундарынын жамаатык арызын жана жыйналыштын протоколуна негиз сессияга сунушталган маселелерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен мамлекеттик маанидеги объекттерге ат берүү жана атын өзгөртүү тартиби тууралуу жобого негиз Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Чекелик айылындагы Ч.Бекиев атындагы көчөгө Султанов Тешебайдын аты берилсин.

2.Тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жана Кадастр жана башка тийиштүү мекемелеринен каттоодон өткөрүү жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ<br>Ishak_polothan@mail.ru | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>Ishak_polothan@mail.ru |
|---|---|

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма биринчи сессиясы**

**16.02. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №63** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жергиликтүү бюжетин бекитүү жана 2024-2025-жылдарга божомолдуу долбоорун жактыруу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майында кабыл алынган №59 "Бюджет Кодексинин" негизинде тузүлүп, , экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысы С.Ормоновдун билдирүүсүн угуп, бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун эске алып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

**1.**. Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгү 32 057,1 мин сом өлчөмүндө№1-тиркемеге ылайык, чыгашалар бөлүгү 32057,1 мин сом өлчөмүндө №2-тиркемемеге ылайык бекитилсин

**2.** Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-2025-жылдар үчүн негизги параметрлеринин болжолу 2024-жылдын кирешелер жана чыгашалар бөлүгү 35 312,1 мин сом өлчөмүндө №3-тиркемеге ылайык жактырылсын, 2025-жылдын кирешелер жана чыгашалар бөлүгү мин 36 889,8 сом өлчөмүндө №4-тиркемеге ылайык жактырылсын.

**3.** Чыгымдарды каржылоо биринчи кезекте корголгон беренелер (эмгек акы, социалдык фондко чегерүүлөр, коммуналдык чыгымдар) боюнча жүргузүлсүн.

**4.** Чыгымдардын корголгон беренелерине каралган каражаттар штат бирдиктери жана ченемдик-укуктук актылардын өзгөргөн учурларында кыскартылышы же көбөйтүлүүсү эске алынсын.

**5.** Бюджеттик жана атайын каражаттар казыналык аркылуу өтүү менен иштетилсин.

**6.** Айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджети 2023-жылдын 1-январынан баштап ишке киргизилсин.

**7.** Салыктык жыйымдардын аткарылышын, акча каражатарынын айыл өкмөтүнүн эсебине түшүүсүн көзөмөлдөө, кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн аткарылышы боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирисин.

**8.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма биринчи сессиясы**

**16.02. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №64** **Жениш айылы.**

**Кадамжай районунун Исхак-Полотхан айыл аймагындагы №32 “Ноогардан” орто мектебинин аталышын өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Баткен облусунун айрым айыл аймактарын жана айылдарын кайра атоо жөнүндө” 2022-жылдын 14-ноябрындагы № 105 мыйзамынын 4-беренесине ылайык айыл аймагынын аталышы жана кээ бир айылдарынын аталыштары өзгөргөндүгүнө байланыштуу жана Кадамжай райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 7-декабрындагы №011-21/334-катына негиз сессияга сунушталган маселелерди талкуулап чыгып Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Кадамжай районунун Исхак-Полотхан айыл аймагындагы №32 “Ноогардан” орто мектебинин аталышы өзгөртүлсүн жана төмөндөгүдөй аталсын:
Мамлекеттик тилде: “Кадамжай районундагы №32 “Ак-Өргө” орто мектеби мекемеси”.
Расмий тилде: Учреждение “Средняя школа №32 “Ак-Орго” Кадамжайского района”.

2. Юридикалык дареги: Баткен облусу, Кадамжай району, Исхак-Полотхан айыл аймагы, Ак-Өргө айылы, Барпы Алыкулов көчөсү №175.

3.Мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү жагы Каримова Нурхан Имаралиевнага сунушталсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма биринчи сессиясы**

**16.02. 2023-жыл.** **ТОКТОМ № 65** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2023-жыл үчүн иш планы жана бюджетин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндөгү” Мыйзамынын 4-беренесине ылайык Баткен облусунун Кадамжай районунун Халмион айылдыык кеңешинин сессиясынын отуруму жайыт жерлерин натыйжалуу жана сарамжалдуу башкаруунун жана пайдаланууну камсыз кылуу максатында жылдын иш-планын жанабюджетин талкуулап чыгып токтом кылат:

1. Халмион айылдык жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жылдын иш-планы, киреше бөлүгү 331,5 мин сом, чыгаша бөлүгү 410,2 мин сом өлчөмүндө бюджети жана жайыттарды пайдалангандык үчүн тарифтер бекитилсин.

2. Жайыт пайдалануучулар бирикмесине жана анын аткаруу органы Жайыт комитетине жайыт жерлерин башкарууну жана пайдаланууну жергиликтүү кеңеш тарабынан расмий бекитилген жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын коп жылдык жана бир жылдык иш-пландарынын негизинде гана жүргүзүлүүсү милдеттендирилсин.

3. Жайыт комитетинин башчысы Жайыт комитетинин бардык мүчөлөрүнө жайыт пайдалануучуларга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жайыттарды башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына жана анын жергиликтүү расмий өкүлчүлүктөрүнө жайыт пайдалануучулар бирикмесинин Уставына жана бекитилген пландарга ылайык өз убагында толугу менен тийиштүү отчетторду, маалыматтарды берүүгө милдеттендирилсин.

4. Жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча аткарыла турган бардык иш чаралар Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндөгү” Мыйзамынын негизинде жүргүзүү милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Халмион айыл өкмөтүнүн башчысы З.Максутовго жүктөлсүн.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма биринчи сессиясы**

**16.02. 2023-жыл.** **ТОКТОМ № 66** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын Чекелик айылындагы К.Хасанов көчөсүнөн түндүктү карай кеткен жаны турак-жайлар курулган көчөгө ат коюу жөнүндө**

Чекелик айылынын тургундарынын жамаатык арызын жана жыйналыштын протоколуна негиз сессияга сунушталган маселелерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен мамлекеттик маанидеги объекттерге ат берүү жана атын өзгөртүү тартиби тууралуу жобого негиз Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Чекелик айылындагы К.Хасанов көчөсүнөн түндүктү карай кеткен жаны турак-жайлар курулган көчөгө Мурзаев Төлөндүн аты берилсин.

2.Тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жана Кадастр жана башка тийиштүү мекемелеринен каттоодон өткөрүү жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма биринчи сессиясы**

**16.02. 2023-жыл.** **ТОКТОМ № 67** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясына сунушталган маселелер жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын Халмион айылдык кеңешинин кезектеги сессиясына сунушталган Ирилеш айылынын тургуну жеке ишкер Бегалиев Н. арызын карап, талкуулап чыгып Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Ирилеш айылынын тургуну жеке ишкер Н.Бегалиевдин бута атуучу жер (стрелбище) уюштуруу үчүн ижарага жер сурап кайрылган арызы эске алынсын.

2. Исхак-Полотхан айыл аймагында бута атуучу жер (стрелбище) уюуштуруу үчүн коопсуздук эрежелерин сактоо менен жерди ижарага берүү жагы айыл өкмөтүнө сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма биринчи сессиясы**

**16.02. 2023-жыл.** **ТОКТОМ № 68** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагы аркылуу өткөн Пүлгөн-Бургөндү жолунун кайтарылуучу чөлкөмдөрүн Кадамжай райондук жол тейлөө мекемесинин балансына өткөрүү боюнча сунушталган маселелер жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын Халмион айылдык кеңешинин кезектеги сессиясына сунушталган Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 17-ноябрындагы №01-17/2174 катына негиз Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагы аркылуу өткөн Пүлгөн-Бүргөндү жолунун кайтарылуучу чөлкөмдөрүн Кадамжай райондук жол тейлөө мекемесинин балансына туташ жайгашкан турак-жайлардын чегараларын сактоо менен өткөрүп берүү жагы айыл өкмөтүнө сунушталсын.

2. Пулгөн-Бургөндү жолунун кайтарылуучу чөлкөмдөрүн Кадамжай райондук жол тейлөө мекемесинин балансына өткөрүп берүү боюнча иштерди алып баруу айыл өкмөтүнүн башчысы З.Максутовго милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**